| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги 20-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**27.07.2026. №20-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Арап айылында жайгашкан “Жылдызча Арап” МЧББУнун жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жана мамлекеттик АКТ алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарын 6-беренеси, “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренелерин жетекчиликке алып депутаттары күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Арап айылында жайгашкан “Жылдызча Арап” МЧББУнун жер телкесин муниципалдык менчикке алууга жана мамлекеттик АКТ алууга макулдук берилсин.
2. “Жылдызча Арап” МЧББУнун жер тилкесине "Кыргызмамжердолбоорлоо" мамлекеттик ишканасынан мамлекеттик АКТ алуу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги 20-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**27.07.2026. №20-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун сунушу №112 кесиптик лицейге Интернационал айылындагы МФЖ жеринен №878-контурдагы 0,60га жер тилкесин муниципалдык менчикке алууга жана мамлекеттик Акт алууга макулдук берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун сунушу №112 кесиптик лицей С.Маткасымова атындагы орто мектебинде жайгашкан бул жердин каналары жетишсиз болгонуна байланыштуу, Интернационал айылындагы МФЖ жеринен №878 контурдагы 0,60га жер тилкесин, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарын 6-беренеси, “Жер кодексинин” 4-12-19-25-беренесин жетекчиликке алып, депутаттардын сунушун угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Интернационал айылындагы МФЖ жеринен №878-контурдагы 0,60 га жер тилкесине муниципалдык менчикке алууга жана мамлекеттик Акт алууга макулдук берилсин
2. №878-контурдагы 0,60га жер тилкесине "Кыргызмамжердолбоорлоо" мамлекеттик ишканасынан мамлекеттик АКТ алуу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жер адиси И.Джураевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезектеги 20-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**27.07.2026. №20-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун сунушу Көк-Сарай участкасынан 52,4 га жер тилкесин жарандарга турак жай курууга жер өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдун сунушу Көк-Сарай участкасынан 52,4 га жер тилкесин жарандарга турак жай курууга өлчөмүн бекитип берүү боюнча, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 32-беренеси, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-июлундагы №177 токтомун талаптарына ылайык Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаттары күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагына караштуу Көк-Сарай участкасынан турак жайга муктаж болгон жарандар үчүн жайыт жеринен трансформация боло турган 52,4 га жер тилкесин жарандарга турак жай куруу үчүн жер аянттарын өлчөмү 400 чарчы метр болуп белгиленсин.
2. Дөбө-Коргон айыл аймагында жашаган жарандарга жеке тартипте турак жай куруу үчүн жер тилкелерин турмуш шартына жана кезекке карап берүү айыл өкмөтүнүн жетекчилигине сунушталсын.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана айылдык кеңештин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**